**Кочкор районунда 2021-жылдын 1-январынан тартып 2023-жылдын 30-июнуна чейинки мезгил аралыгына карата жергиликтүү бюджеттин түзүлүшүнө жана аткарылышына жүргүзүлгөн шайкештик аудиттин**

**ОТЧЁТУ.**

**Аудит өткөрүүнүн негизи:** Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Ысык-Көл жана Нарын областтары боюнча аймактык бөлүнүшүнүн иш планы

**Аудиттин максаты:** жергиликтүү бюджеттин түзүлүшүнө жана аткарылышына шайкештик аудит

**Аудиттин мөөнөтү**: 2021–жылдын 1-январынан тартып 2023-жылдын 30-июнуна чейинки мезгил аралыгы

**Аудиттин обьектилери:** Кочкор райондук мамлекеттик администрациясы, КР Финансы министрлигинин Кочкор финансы башкармалыгы, Кочкор райондук өнүктүрүү фонду, Ак-Кыя, Кочкор, Кош-Дөбө, Кум-Дөбө, Кара-Суу, Семиз-Бел, Сары-Булак, Сон-Көл, Көк-Жар, Талаа-Булак, Чолпон айыл өкмөттөрү, Кочкор айыл өкмөтүнүн «Кочкор-Жашыл чарба» муниципалдык ишканасы, Кочкор тазалык муниципалдык ишканасы жана Кочкор Таза-Суу муниципалдык ишканасы.

**Жооптуу тарап**

Кочкор райондук мамлекеттик администрациясы, Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин Кочкор финансы башкармалыгы бул аудиттин жооптуу тарабы болуп саналат.

**Жооптуу тараптардын милдеттери**

Жогорудагы аталган тараптардын жалпы милдетине мамлекеттик каражаттардын тескелиши жана мыйзамдуу орган тарабынан ыйгарым укуктарды жүргүзүү кирет, ошондой эле ушул аудиттин предметине жооптуу болушат.

**Аудитордун милдети**

Милдет болуп, жүргүзүлгөн аудиттин негизинде Кочкор районунун 2021-жылдын 1-январынан тартып 2022-жылдын 31-декабрына чейинки мезгил аралыгына карата жергиликтүү бюджеттин түзүлүшү жана аткарылышы боюнча иш-аракеттери мыйзам талаптарына (аудиттин критерийлерине) шайкеш келээрине өз алдынча тыянак чыгарууга алып келет.

**Аудиттин предмети**

Аудиттин предмети болуп, жергиликтүү бюджеттин түзүлүшү жана аткарылышы Кыргыз Республикасынын ченемдик-укуктук актыларынын (мындан ары–ЧУА) талаптарына шайкеш келиши болуп эсептелет.

Жогоруда көрсөтүлгөн убакыттын ичинде аудитке киргизилген суроолор:

- бюджеттик каражаттар боюнча чыгымдар сметасынын түзүлүшүнүн негиздүүлүгүнө аудит;
- атайын эсептердин каражаттарын пайдалануусунун жана кирешелерди алуусунун негиздүүлүгүнө аудит;
- эмгек акыларынын чыгымдары боюнча аудит;
- командировкалык чыгымдарга аудит;
- дебитордук жана кредитордук карыздарга аудит;
- Кыргыз Республикасынын “Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндөгү” Мыйзамынын талаптарын сактоосуна аудит;
- негизги каражаттардын жана товардык-материалдык баалуулуктардын сакталышы;
- кассалык жана банктык операцияларга аудит;

- коммуналдык кызматтар боюнча чыгымдардын лимиттеринин сакталышы;
- подотчеттук жактардын эсептешүүлөрүнө аудит;
- арендалык мамилелерге аудит;
- капиталдык ремонттордун чыгымдарына аудит.

**Аудит критерийлери**

Критерий деп, бюджеттик каражаттарды мыйзамга ылайык пайдаланылышынын шайкештигин баалоо эсептелет:

- Кыргыз Республикасынын Бюджеттик Кодекси;
- Кыргыз Республикасынын Эмгек Кодекси;
- Кыргыз Республикасынын Жер Кодекси;
- Кыргыз Республикасынын "Бухгалтердик эсеп жөнүндө" Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө" Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын "Жергиликтүү өз алдынча башкаруу жөнүндө" Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик жарандык кызмат жана муниципалдык кызмат жөнүндө" Мыйзамы;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2008-жылдын 26-августундагы №471 "Командировкалык чыгымдардын нормаларын белгилөө жана алардын ордун толтуруунун тартиби жөнүндө" токтому;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2015-жылдын 27-апрелиндеги №258 "Оор жумуштар жана зыяндуу, же эмгек шарттары кооптуу жумуштар үчүн кошумча төлөмдү белгилөөнүн тартиби жөнүндө жобону жана Өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштардын типтүү тизмегин (оор жумуштар, зыяндуу, кооптуу жана башка өзгөчө эмгек шарттарындагы жумуштар, өзгөчө климаттык шарттардагы жумуштар) бекитүү жөнүндө" токтому;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 1-мартындагы №131 «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларынын жана муниципалдык кызматчыларынын ишин баалоо жана эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" токтому;
- Кыргыз Республикасынын 2006-жылдын 28-мартындагы №207 "Жашыруун мүнөздөгү иш жана жашыруун иш кагаздарын жүргүзүү үчүн кызмат маяналарына проценттик үстөктөрдү төлөөнүн тартиби жана шарттары жөнүндө нускаманы бекитүү тууралу" токтому;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2017-жылдын 23-январындагы №22 «Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдарын жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдарын тейлөөчү кызматкерлердин эмгек акысынын шарттары жөнүндө" токтому;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 "Бюджеттик мекемелерди финансылоодо Жылдык отчеттор боюнча эсептөөлөрдө товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запастарын жана каражаттар калдыктарын эсепке алууну жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө нускаманы бекитүү тууралу" токтому;
- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 30-декабрындагы №767 "Кыргыз Республикасында мамлекеттик жана жергиликтүү башкаруу органдарында кызматтык жана нөөмөттүк автоунааларын кыскартуунун эсебинен мамлекеттик бюджеттин каражаттарын үнөмдөө боюнча ченемдери жөнүндө" токтому (КР Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 14-январындагы №9 токтомуна ылайык күчүн жоготкон);
- Кыргыз Республикасынын Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137 буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча жобону";

- Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2018-жылдын 12-июнундагы №281 “Кыргыз Республикасында чарбакер субъекттердин жана бюджеттик мекемелердин кассалык операцияларды жүргүзүү тартибин бекитүү тууралу” токтому.

**Ишти аткарууда колдонулган аудиттин стандарттары**

Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Кеңешинин 2021-жылдын 29-мартындагы №01-26/56 токтому менен бекитилген, ошондой эле, Шайкештик аудити жөнүндө колдонмого ылайык, негизинен ISSAI 400 жана ISSAI 1400, шайкештик аудити жөнүндө жетектөөчү көрсөтмөлөр жана INTOSAIнин негиз салуучу принциптерине ылайык жүргүзүлдү.

**Этикалык талаптарга шайкеш келиши**

Аудиттин эл аралык стандарттары этикалык ченемдердин сакталышын, ошондой эле аудит предмети бардык олуттуу аспекттерде негизделген ишенимди алуу үчүн, аудитти пландоо жана жүргүзүү, мыйзамдуу жана жөнгө салуучу ченемдерге туура келишин талап кылат.

**Аткарылган иштердин кыскача баяндамасы**

Аудит Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын Ысык-Көл жана Нарын областтары боюнча аймактык бөлүнүшүнүн бекитилген программасына ылайык, кызмат адамдары тарабынан көрсөтүлгөн иш кагаздарынын, материалдарынын жана маалыматтарынын негизинде жүргүзүлдү.

Аудит үчүн финансылык отчеттуулукта жана беренелердин олуттуу тандоосунда келишимдердин жана калдыктардын бурмалануу тобокелдигин баалоо максатында босоголук маанидеги ченемдери боюнча олуттуу эсептери үчүн Форма 3 пайдаланылган.

**Корутунду**

Аудитте, Кочкор районунун жергиликтүү бюджетинин түзүлүшүнүн жана аткарылышынын иш-аракеттери төмөндө жазылган жагдайлардан сырткары, бардык олуттуу аспекттерде мыйзам талаптарына туура келээри аныкталды.

АУДИТТЕ АНЫКТАЛДЫ:

Жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы менен табылган баардык финансылык бузуулардын жалпы суммасы **35979,6 миң сомду** түзгөн, калыбына келтирилүүчүлөр **26571,4 мин сом**. Калыбына келтирилгени **23703,0 миң сом**, анын ичинен:

- Кыргыз Республикасынын бюджеттик тутумундагы бюджетке каражаттардын келип түшүүсүн жана кайтаралышын камсыз кылуу боюнча чаралардын көрүлбөшү (2102) **3307,5 миң сом**;

- бюджетке милдеттүү төлөмдөрдүн чегерилбеши (өз учурунда эмес жана толук эмес чегерүү) (2103) **97,0 миң сом;**

- Кыргыз Республикасынын бюджеттик тутумундагы тиешелүү бюджетке которуу/эсепке киргизүүдө укуктук негиздердин жоктугу же туура келбеши (2104) **195,3 миң сом;**

- Кыргыз Республикасындагы бюджеттик тутумдун бюджетинин каражаттарын максатсыз пайдалануу (2301) **502,6 миң сом;**

- капиталдык салымдарга жана курулуш иштерин аткарууга бюджеттик каражаттарды пайдалануудагы бузуулар” (2302) **1386,4 миң сом;**

- милдеттенмелерди кабыл алуу жана тастыктоо жана бекитилген көрсөткүчтөрдөн ашыкча чыгымдоо (ченемден ашык жана тастыкталбаган чыгымдар (2303) **1742,1 миң сом;**

- Кыргыз Республикасынын бюджеттик тутумундагы бюджеттин аткарылышындагы башка кемчиликтер жана бузуулар (2401) **251,8 мин сом**;

- мүлктү сактоонун камсыздалбашы (3101) **2936,1 миң сом;**
- мүлктү пайдалануудагы бузуулар (3102) **79,4 миң сом;**
- мүлктү пайдалануудагы жана башка бузуулар (3103) **62,5 миң сом;**
- бухгалтердик эсеп жөнүндө ченемдик укуктук актыларын бузуу (4102) **20327,1 миң сом;**
- мамлекеттик сатып алуулар чөйрөсүндө мыйзамды бузуулар (5101) **5091,8 миң сом.**

Мындан тышкары 11 (он бир) жол-жоболук бузуулар аныкталган.

*01.01.2021-30.06.2023-жылга карата жергиликтүү бюджеттин киреше жана чыгаша бөлүктөрүнүн аткарылышы.*

2021-жылдын башына каражаттардын эркин калдыгы 36988,4 миң сом, анын ичинен: 33123,5 миң сомун бюджеттик каражаттар, 3864,9 миң сомун атайын каражаттар түзөт.

2021-жылга Кочкор районунун жергиликтүү бюджетинин киреше жана чыгаша боюнча бекитилген жалпы суммасы 143327,5 миң сом, анын ичинен: салыктык келип түшүүлөр боюнча пландалган сумма 69692,9 миң сом, салыктык эмес кирешелер боюнча 20687,8 миң сом, республикалык бюджеттен өз ара берилүүчү теңдөөчү трансферт планы 52946,8 миң сом.

Жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгү такталган план боюнча (эскертүү: республикалык бюджеттен берилүүчү каражаттар 2021-жылдын планын тактоодо КР Финансы министирлиги аркылуу планга киргизилген) 162400,8 миң сомду түзүп, анын ичинен: салыктык келип түшүүлөр 72130,5 миң сом, салыктык эмес келип түшүүлөр атайын каражаттар менен бирге 19927,3 миң сом, трансферттер 70343,0 миң сом, анын ичинен: республикалык бюджеттен өз ара берилүүчү максаттуу трансферттер 52946,8 миң сом, тендөөчү трансферттер 17396,2 миң сомду түзгөн.

Киреше бөлүгүнүн накталай аткарылышы 169006,8 миң сомду түзгөн, анын ичинен: салыктардын келип түшүүсү 80431,7 миң сом, 8301,2 миң сомго ашык аткарылган же 111,5 %, салыктык эмес келип түшүүлөр атайын каражаттар менен бирге аткарылганы 18232,1 миң сом, же 1695,2 миң сомго аз аткарылган, же 91,5%, республикалык бюджеттен берилүүчү каражаттар 70343,0 миң сом же 100,0%.

*2021-жылга карата жергиликтүү бюджеттин чыгаша бөлүгү* 86,5% аткарылган же планда такталган сумма (акт жана милдеттенмелери менен бирге) 199389,2 миң сом, кассалык чыгымдар 172439,9 миң сом. Анын ичинен: *“Мамлекеттик кызмат көрсөтүү”* бөлүгү боюнча планда 113375,1 миң сом, фактылай 99595,2 миң сомго аткарылган (87,8%), *“Экономикалык маселелер”* бөлүгү боюнча планда 4532,1 миң сом, фактылай 4155,9 миң сомго аткарылган (91,7%), *“Эс алуу, маданият жана дин”* бөлүгү боюнча планда 14880,5 миң сом, фактылай 13812,9 миң сомго аткарылган (92,8%), *“Билим берүү”* бөлүгү боюнча планда 56740,2 миң сом, фактылай 45014,6 миң сомго (79,3%), *“Социалдык коргоо*” бөлүгү боюнча планда 9861,3 миң сом, фактылай 9861,3 миң сомго аткарылган (100%).

2022-жылдын башына каражаттардын эркин калдыгы 36988,4 миң сом, анын ичинен: 33123,5 миң сомун бюджеттик каражаттар, 3864,9 миң сомун атайын каражаттар түзөт.

*2022-жылга Кочкор районунун* жергиликтүү бюджетинин активдердин жана милдеттенмелердин эсеби менен кирешелери жана чыгашалары (атайын каражаттар жана

теңдөөчү гранттар менен чогуу) жалпы суммасы 145290,0 миң сомго бекитилген, анын ичинен: салыктык келип түшүүлөр боюнча пландалган сумма 79290,9 миң сом, салыктык эмес кирешелер боюнча 21421,1 миң сом, трансферттер 44578,0 миң сом.

Жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгү такталган план боюнча (эскертүү: республикалык бюджеттен берилүүчү каражаттар 2022-жылдын планын тактоодо КР Финансы министрлиги аркылуу планга киргизилген) 246705,4 миң сомду түзүп, анын ичинен: салыктык кирешелер 110039,1 миң сом, салыктык эмес кирешелер 27552,6 миң сом, трансферттер 109113,7 миң сом.

Киреше бөлүгүнүн накталай аткарылышы 254502,0 миң сомду түзгөн, анын ичинен: салыктардын келип түшүүсү 117369,4 миң сом, 7330,3 миң сомго ашыкча аткарылган же 106,7 %, салыктык эмес келип түшүүлөр атайын каражаттар менен бирге аткарылганы 28581,8 миң сом, же 1029,2 миң сомго ашык аткарылган, же 103,7 %. Республикалык бюджеттен берилүүчү каражаттар 108550,8 миң сом же 99,5% (максаттуу трансферттер калдыгы 562,9 мин сом жылдын аягында республикалык бюджетке кайра кайтарылган).

*2022-жылга карата жергиликтүү бюджеттин чыгаша бөлүгү (атайын каражат менен бирдикте)* 79,7% аткарылган же планда такталган сумма (акт жана милдеттенмелери менен бирге) 280260,7 миң сом, кассалык чыгымдар 223385,3 миң сом. Анын ичинен: *“Мамлекеттик кызмат көрсөтүү”* бөлүгү боюнча планда 177970,3 миң сом, фактылай 131390,7 миң сомго аткарылган (73,8%), *“Экономикалык маселелер”* бөлүгү боюнча планда 6117,7 миң сом, фактылай 6108,8 миң сомго аткарылган (99,9%), *“Эс алуу, маданият жана дин”* бөлүгү боюнча планда 32084,9 миң сом, фактылай 28928,6 миң сомго аткарылган (90,2%), *“Билим берүү”* бөлүгү боюнча планда 54265,2 миң сом, фактылай 47134,5 миң сомго (86,9%), *“Социалдык коргоо*” бөлүгү боюнча планда 9822,6 миң сом, фактылай 9822,6 миң сомго аткарылган (100%).

*2023-жылдын башына* каражаттардын эркин калдыгы 19558,0 миң сом, анын ичинен: 18488,5 миң сомун бюджеттик каражаттар, 1069,5 миң сомун атайын каражаттар түзөт.

2023-жылдын 1-жарым жылдыгына Кочкор районунун жергиликтүү бюджетинин киреше жана чыгаша боюнча бекитилген жалпы суммасы 111564,8 миң сом, анын ичинен: салыктык келип түшүүлөр боюнча пландалган сумма 53391,2 миң сом, салыктык эмес кирешелер боюнча 9449,6 миң сом, республикалык бюджеттен өз ара берилүүчү теңдөөчү трансферт планы 48724,0 миң сом.

Жергиликтүү бюджеттин киреше бөлүгү такталган план боюнча (эскертүү: республикалык бюджеттен берилүүчү каражаттар 2023-жылдын 1-жарым жылдыгына планын тактоодо КР Финансы министирлиги аркылуу планга киргизилген) 139263,6 миң сомду түзүп, анын ичинен: салыктык келип түшүүлөр 58491,2 миң сом, салыктык эмес келип түшүүлөр атайын каражаттар менен бирге 9449,6 миң сом, трансферттер 71322,8 миң сомду түзгөн.

Киреше бөлүгүнүн накталай аткарылышы 150437,3 миң сомду түзгөн, анын ичинен: салыктардын келип түшүүсү 67489,5 миң сом, 8998,3 миң сомго ашык аткарылган же 115,4 %, салыктык эмес келип түшүүлөр атайын каражаттар менен бирге аткарылганы 11624,9 миң сом, же 2175,3 миң сомго көп аткарылган, же 123,0%, республикалык бюджеттен берилүүчү каражаттар 71322,8 миң сом же 100,0%.

*30.06.2023-жылга карата жергиликтүү бюджеттин чыгаша бөлүгү* 59,7% аткарылган же планда такталган сумма (акт жана милдеттенмелери менен бирге) 195430,1 миң сом, кассалык чыгымдар 116649,6 миң сом. Анын ичинен: *“Мамлекеттик кызмат көрсөтүү”* бөлүгү боюнча планда 132553,7 миң сом, фактылай 87187,5 миң сомго аткарылган (65,8%), *“Экономикалык маселелер”* бөлүгү боюнча планда 1977,6 миң сом, фактылай 1381,4 миң сомго аткарылган (69,9%), *“Эс алуу, маданият жана дин”* бөлүгү боюнча планда 23243,5 миң сом, фактылай 14747,7 миң сомго аткарылган (63,4%),

*“Билим берүү”* бөлүгү боюнча планда 31298,4 миң сом, фактылай 6976,2 миң сомго (22,3%), *“Социалдык коргоо*” бөлүгү боюнча планда 6356,8 миң сом, фактылай 6356,8 миң сомго аткарылган (100%).

**Ак-Кыя айыл өкмөтү (кошулгандан кийин Кочкор айыл өкмөтү)**

**1.Аныкталды:** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген «МТБ боюнча нормативден ашык запастарды жана бюджеттик мекемелерди каржылоодо жылдык отчеттор боюнча расчеттогу каражаттардын калдыгына зачет жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө Нускаманын» талаптарын бузууга жол берилген, атайын каражаттардын жылдык балансынын 3-тиркемесинин негизинде МТБ жана расчеттогу каражаттардын калдыгы боюнча нормативден ашык запасы (отун) **438,4 миң сомго** аныкталды. Анын ичинен: 2021-жыл үчүн 113,9 миң сом, 2022-жыл үчүн 324,5 миң сомго.

**Корутунду:** «МТБ боюнча нормативден ашык запастарды жана бюджеттик мекемелерди каржылоодо жылдык отчеттор боюнча расчеттогу каражаттардын калдыгына зачет жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө Нускамасынын» талаптарына ылайык, жалпы суммасы **438,4 миң сомго** товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запасы аныкталган.

**Сунуштама:** КР Өкмөтүнүн 2011-жылдагы 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген «МТБ боюнча нормативден ашык запастарды жана бюджеттик мекемелерди каржылоодо жылдык отчеттор боюнча расчеттогу каражаттардын калдыгына зачет жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө Нускамасынын» талаптары так сакталсын жана жылдын аягындагы нормативден ашыкча товардык-материалдык баалуулуктар боюнча **324,5 миң сом** эсепке алынсын.

**2.Аныкталды:** Айыл чарбага жарактуу жерлердин мамлекеттик фондусунун жерлерин пайдаланбагандыктан, б.а. ижарага берилбегендиктен жалпы **251,8 миң сомго** бюджеттик жоготуулар келип чыккан. Анын ичинен: 2021-жылы 125,9 миң сом, 2022-жылы 125,9 миң сом.

**Корутунду:** Айыл чарбага жарактуу жерлердин мамлекеттик фондусунун жерлерин пайдаланбагандыктан, б.а. ижарага берилбегендиктен жалпы **251,8 миң сомго** бюджеттик жоготуулар келип чыккан.

**Сунуштама:** Бюджеттик жоготууларды жоюу боюнча айыл чарбага жарактуу мамлекеттик фондусунун жерлерин натыйжалуу жана рационалдуу пайдалануу боюнча тиешелүү чаралар көрүлсүн.

**3.Аныкталды:** Эсептен дебитордук карыздарды жаап жашыруу жалпы **1852,5 мин сомду** түзгөн. Анын ичинен: жайыт пайдалануучулар бирикмеси тарабынан айыл өкмөттөн бөлүнгөн *498,0 миң сомго*, финансылык отчеттор тапшырылган эмес жана айыл өкмөттүн жылдык балансда дебитордук карыз катары чагылдырылган эмес. Аудит учурунда тиешелүү бухгалтердик өткөрүүлөр жүргүзүлүп, дебитордук карыз балanска кабыл алынды. 2023-жылдын 1-жарым жылдыгында Мамлекеттик долбоорлоо институтуна Кочкор айылынын планын иштеп чыгууга *887,5 миң сом* жана Мамлекеттик картография-геодезиялык кызматына топография геодезиялык иштерин кылууга *467,0 миң сом* которулуп берилген, жумуш бүткөрүлө элек, тактоо актылары түзүлгөн эмес, дебитордук карыз катары чагылдырылган эмес. Аудит учурунда тиешелүү бухгалтердик өткөрүүлөр жүргүзүлүп, эсепте калыбына келтирилди.

**Корутунду:** Эсептен дебитордук карыздарды жаап жашыруу жалпы **1852,5 мин сомду** түзгөн. Аудит учурунда тиешелүү бухгалтердик өткөрүүлөр жүргүзүлүп, эсепте калыбына келтирилди.

**Сунуштама:** КР Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137 буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча Жобосунун” бухгалтердик эсепте жана

финансылык отчеттуулукта дебитордук карыздарды убагында чагылдыруу талаптары так сакталсын. Кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

Аудит мамлекеттик инспектор Н. Бердикеев тарабынан жүргүзүлгөн.

**Кара-Суу айыл өкмөтү**

**1.Аныкталды:** "Айыл чарба багытындагы мамлекеттик фондусунун жерлерин ижарага берүү шарттары жөнүндөгү №2 типтүү жобонун" 3-бөлүгүнүн 3-пункттарына ылайык, жер комиссиясынын курамына коомдук мекемелерден өкүлдөр кошулган эмес. Өткөрүлгөн аукциондун протоколдору, чечимдери, келишимдери, ижаралардын эсеби, ижара акыларынын төгүлүшү тууралуу маалымат иш кагаздары жок.

**Корутунду:** КР Жер Кодексинин 13-беренесинин 2-бөлүмүндөгү тартибинин жана КРӨнүн 2007-жылдын 22-июнундагы №243 токтому менен жактырылган "Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүү шарттары жана тартиби тууралуу" типтүү жобосунун талаптары жана "Айыл чарба багытындагы мамлекеттик фондусунун жерлерин ижарага берүү шарттары жөнүндөгү №2 типтүү жобонун" 3-бөлүгүнүн 3-пункттарынын талаптарын бузууга жол берилген.

**Сунуштама:** Кара-Суу айыл аймагындагы мамлекеттик фондунун жерлеринин жана жайыт жерлеринин аянттарын туура жана так аныктоо үчүн райондук администрация тарабынан тийиштүү мекемелердин коштоосу менен кайрадан жүргүзүлсүн.

Кыргыз Республикасынын Жер Кодексинин 13-беренесинин 2-бөлүмүнүн жана КРӨнүн 2007-жылдын 22-июнундагы №243 токтому менен жактырылган "Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүү шарттары жана тартиби тууралуу" типтүү жобосунун талаптары жана "Айыл чарба багытындагы мамлекеттик фондусунун жерлерин ижарага берүү шарттары жөнүндөгү №2 типтүү жобонун 3-бөлүгүнүн 3-пункттарынын талаптары так сакталсын. Кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

Аудит мамлекеттик инспектор А. Аллабердиев тарабынан жүргүзүлгөн.

**Кочкор айыл өкмөтү**

**1.Аныкталды:** 2019-2020-жылдар аралыгына карата мурдагы аудиттин жыйынтыгы боюнча жазма буйрук толугу менен аткарылган эмес. Анын ичинен: подрядчы "ССК Айзар Строй" ЖЧКсы тарабынан «Исакеев айылындагы парктын айланасын тосууда» 29,5 мин сомго; подрядчы "Имран-Али" ЖЧКсы тарабынан «Кочкор райондук балдар жана өспүрүмдөр спорт мектебин ремонттоодо» 43,9 мин сомго (75,0 миң сому акча каражатын каржылоодо кыскартылгандыгы эске алынсын) көтөрмөлөнгөн курулуш-монтаж иштеринин көлөмү калыбына келтирилген эмес.

**Корутунду:** 2019-2020-жылдар аралыгына карата мурдагы аудиттин жыйынтыгы боюнча жазма буйрук толугу менен аткарылган эмес.

**Сунуштама:** Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын мурдагы аудитинин жыйынтыгы боюнча жазма буйруктарынын толук көлөмдө аткарылышы камсыздалсын.

**2.Аныкталды:** КР Бюджеттик Кодексинин 24-беренесинин 4-бөлүгүнүн 3-пунктунда "резервдик фонддордун каражаттары муниципалдык кызматчылардын эмгегине акы төлөөгө жана аларга материалдык сый акы берүүгө болбойт"- деп көрсөтүлгөндүгүнө карабастан, резервдик фонддун каражаттарынын эсебинен өкмөттүн кызматкерлерине **189,0 миң сом** сый акы төлөнүп берилген.

**Корутунду:** КР Бюджеттик Кодексинин 24-беренесинин 4-бөлүгүнүн 3-пунктунун талаптарын бузууга жол берилген, резервдик фонддун каражаттарынын эсебинен айыл өкмөттүн кызматкерлерине **189,0 миң сом** сый акы катары төлөнүп берилген.

**Сунуштама:** КР Бюджеттик Кодексинин талаптарын бузууга жол берилбесин, резервдик фонддун каражаттарынын эсебинен айыл өкмөтүнүн кызматкерлерине сый акы төлөөгө жол берген кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**3.Аныкталды:** Курулуш монтаж иштеринин көлөмүн жана бааларын көтөрмөлөө жалпы **1370,7 миң сомду** түзгөн, калыбина келтирилгени 655,5 миң сом. Анын ичинен: жергиликтүү бюджеттин каражаттарынын эсебинен аткарылгандар: подрядчы "Рекавери" ЖЧКсы тарабынан "Ормон-Хан" паркынын айланасын тосууда *139,9 миң сомго*, подрядчы "ССК Айзар Строй" ЖЧКсы тарабынан "Кыдыралиев атындагы орто мектебине ажаткана куруууда" *113,1 миң сомго*, подрядчы "Кыдыр Ата Групп" ЖЧКсы тарабынан "Теңдик айылындагы көрүстөнгө контейнер орнотууда" *159,7 миң сомго(жумуш толук бүтө элек, подряддык келишимдин талаптарын бузууга жол берилген, авансалык төлөмдөр 20% каралгандыгына карабастан, акча каражаты толук төлөнүп берилген)*, подрядчы "Инвест Строй Групп ЛТД" ЖЧКсы тарабынан "Наристе И бала бакчасынын чатырын алмаштырууда" 99,2 миң сомго (50,1 мин сому калыбына келтирилген), подрядчы "ЭКА -строймонтаж" ЖЧКсы тарабынан: "Ормон-Хан" паркынын айланасын тосууда *20,4 миң сомго,* "Теңдик айылындагы дренажды жабууда" *41,3 миң сомго* (41,3 миң сом калыбына келтирилген), "Теңдик айылына спорт комплексин курууда" *82,5 мин сомго*, подрядчы "Акжол" ЖЧКсы тарабынан "Теңдик айылындагы көрүстөнгө кеткен жолду оңдоодо" *66,9 миң сомго* (66,9 мин сому калыбына келтирилген), подрядчы "Аса Строй" ЖЧКсы тарабынан "Кочкор айыл өкмөтүндөгү Беш-Терек көчөсүн асфальттоодо" *497,2 миң сомго* (497,2 мин сому калыбына келтирилген), подрядчы "Бек Таш Курулуш" ЖЧКсы тарабынан "Теңдик айылындагы жаштар борборуна брусчатка төшөөдө" *19,7 миң сомго*, подрядчы "Ай-Би Стройсервис" ЖЧКсы тарабынан "Сейил паркындагы балдар аянтчасынын айланасын тосууда" *130,8 миң сомго*.

**Корутунду:** Курулуш монтаж иштеринин көлөмүн жана бааларын көтөрмөлөө жалпы **1370,7 миң сомду** түзгөн, калыбына келтирилгени 655,5 миң сом.

**Сунуштама:** Төмөнкүлөрдүн эсебинен көтөрмөлөнгөн курулуш-монтаж иштеринин көлөмү калыбына келтирилсин:

-подрядчы "Рекавери" ЖЧКсы тарабынан "Ормон-Хан" паркынын айланасын тосууда 139,9 миң сом;

-подрядчы "ССК Айзар Строй" ЖЧКсы тарабынан "Кыдыралиев атындагы орто мектебине ажаткана курууда" 113,1 миң сом;

- подрядчы "Кыдыр Ата Групп" ЖЧКсы тарабынан "Теңдик айылындагы көрүстөнгө контейнер орнотууда" 159,7 миң сом;

- подрядчы "Инвест Строй Групп ЛТД" ЖЧКсы тарабынан "Наристе И бала бакчасынын чатырын алмаштырууда" 49,1 миң сомго (50,1 мин сому калыбына келтирилген);

- подрядчы "ЭКА -строймонтаж" ЖЧКсы тарабынан: "Ормон-Хан" паркынын айланасын тосууда 20,4 миң сом, "Теңдик айылына спорт комплексин курууда" 82,5 мин сомго;

- подрядчы "Бек Таш Курулуш" ЖЧКсы тарабынан "Теңдик айылындагы жаштар борборуна брусчатка төшөөдө" 19,7 миң сом;

- подрядчы "Ай-Би Стройсервис" ЖЧКсы тарабынан "Сейил паркындагы балдар аянтчасынын айланасын тосууда" 130,8 миң сом.

**4.Аныкталды:** Айыл өкмөтүнүн кызматкерлеринин штаттык бирдигин аныктоочу шкаласы боюнча 4 штаттык бирдик аскердик-эсепке алуу столунун инспектору белгиленсе, бекитилген штаттык бирдикте 5 штаттык аскердик-эсепке алуу столунун инспектору белгиленген.

2021-2022-жылдары үчүн 1 штаттык бирдикте иштеген аскердик-эсепке алуу столунун инспекторуна **200,5 миң сомго** ашык эмгек акы эсептелинген.

Айыл өкмөтү тарабынан муниципалдык кызматкерлерди жумушка кабыл алууда КР Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 4-апрелиндеги №189 "Мамлекеттик

жарандык кызматтын жана муниципалдык кызматтын административдик кызмат орундарынын топторуна типтүү квалификациялык талаптарды бекитүү жөнүндө" токтомунун талаптары сакталбастан, 2 бирдик муниципалдык кызмат ордуна тиешелүү багыттагы кесиптик билими жок дайындалып, жалпы **99,7 миң сом** эмгек акы эсептелип төлөнгөн.

**Корутунду:** 2021-2022-жылдары үчүн 1 штаттык бирдикте иштеген аскердик-эсепке алуу столунун инспекторуна **200,5 миң сомго** ашык эмгек акы эсептелинип, төлөнүп берилген жана 2 бирдик муниципалдык кызмат ордуна тиешелүү багыттагы кесиптик билими жок дайындалып, жалпы **99,7 миң сом** эмгек акы эсептелип төлөнгөн.

**Сунуштама:** Айыл өкмөтүнүн кызматкерлеринин штаттык бирдиги КРӨ 2011-жылдын 5-августундагы №451 "КР жергиликтүү өзүн өзү башкаруу органдарынын штаттык санынын типтик структурасын бекитүү жөнүндөгү" токтомундагы айыл өкмөтүнүн типтүү түзүмү жана штаттык санында көрсөтүлгөн талаптарына ылайык жүргүзүлсүн, 1(бир) штаттык бирдик аскердик-эсепке алуу столунун инспектору кыскартылсын.

Муниципалдык кызматкерлерди жумушка кабыл алууда КР Министрлер Кабинетинин 2022-жылдын 4-апрелиндеги №189 "Мамлекеттик жарандык кызматтын жана муниципалдык кызматтын административдик кызмат орундарынын топторуна типтүү квалификациялык талаптарды бекитүү жөнүндө" токтомунун талаптары так сакталсын.

**5.Аныкталды:** Аудит камтыган мезгил аралыгында «Дагы башка кызмат көрсөтүүлөрдү алуу» 2215-беренесинен жана «Учурдагы чарбалык максаттар үчүн буюмдарды жана материалдарды алуу» 2222-беренесинен, «Резервдик фонддор» 2824-беренелери аркылуу Большевик айылынын футбол аянтчасынын тегерегин тосууга 401,5 миң сомго, Ичке-Булак участогунда суу өтүүчү трубаларын өткөрүүгө 300,0 миң сомго, Тендик жана Большевик айылдарында суу тосмо куруу иштерине 235,2 миң сомго, Кочкордогу кабат үйлөрүнүн таштанды таштоочу жайларын тосууга 179,5 мин сомго, Калыгул Бай уулу атындагы орто мектебинин от казанынын трубаларын оңдоого 698,6 мин сомго, борбордук мүрзөнүн тегерегин тосууга 198,0 миң сомго,Теңдик айылындагы ФАПтын жылуулук системасын оңдоого 198,6 мин сомго жумуштары жүргүзүлүп, КР Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137-Б буйругу менен бекитилген «Мамлекеттик сектордо бухгалтердик эсеп жана финансылык отчеттуулук жөнүндө жобонун» талаптарын бузуу менен негизги фонддордун баланстык баасы жогорулатылбастан акча каражаты негизсиз чыгышталган. Аудит учурунда эсепте калыбына келтирилди.

**Корутунду:** КР Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы № 137 буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча Жобосунун" талаптары аткарылбастан **2211,4 миң сомдук** курулуш иштери түздөн-түз чыгымдарга алып барылып негизсиз чыгышталган. Аудит учурунда тиешелүү бухгалтердик өткөрүүлөр жүргүзүлүп, айыл өкмөттүн балансы жогорулатылды.

**Сунуштама:** Мүлктөрдү учурдагы оңдоо чыгымдарына каражаттарды чыгыштоо жана ар-кыл кызмат көрсөтүүлөрдү алуу КР Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы № 137 буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча Жобосунун" талаптарына ылайык жүргүзүлсүн.

**6. Аныкталды:** Эсептен жаап жашырылган дебитордук карыздар жалпы **11227,5 миң сомду** түзгөн. Анын ичинен: жайыт пайдалануучулар бирикмеси тарабынан айыл өкмөттөн бөлүнгөн ***1117,1 миң сомго*** финансылык отчеттор тапшырылган эмес жана айыл өкмөттүн жылдык баланстарында дебитордук карыз катары чагылдырылган эмес. "Кочкор Жашыл чарба" МИ Кочкор айылынын жашылдандыруу инфраструктурасын жакшыртууга которулуп берилген жалпы ***2452,3 миң сомго***, анын ичинен 2022-жылы

1400,0 миң сомго жана 2023-жылдын 1-жарым жылдыгында 1052,3 миң сомго финансылык отчеттор тапшырылган эмес. Ошондой эле, “Кочкор Таза-Суу” МИ чириген түтүктөрдү оңдоо үчүн которулуп берилген ***240,1 миң сомго*** отчет берилген эмес.

2023-жылдын 1-жарым жылдыгында Мамлекеттик долборлоо институтуна Кочкор айылынын планын иштеп чыгууга ***3065,5 миң сом*** жана Мамлекеттик картография-геодезиялык кызматына топография-геодезиялык иштерин кылууга ***4352,5 миң сом*** которулуп берилген, жумуштар бүтүрүлө элек. Жыйынтыгында, муниципалдык ишканалар, институт жана кызмат менен тактоо актылары түзүлгөн эмес, баланста дебитордук карыз катары чагылдырылган эмес. Аудит учурунда тиешелүү бухгалтердик өткөрүүлөр жүргүзүлүп, эсепте калыбына келтирилди.

**Корутунду:** Эсептен жаап жашырылган дебитордук карыздар жалпы **11227,5 миң сомду** түзгөн. Аудит учурунда тиешелүү бухгалтердик өткөрүүлөр жүргүзүлүп, эсепте калыбына келтирилди.

**Сунуштама***:* КР Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137 буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча Жобосунун” дебитордук карыздарды убагында чагылдыруу талаптары так сакталсын. Кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

Аудит мамлекеттик инспекторлор А. Келдибеков, Б. Токтомамбетов тарабынан жүргүзүлгөн.

**Көк-Жар айыл өкмөтү (кошулгандан кийин Кочкор айыл өкмөтү)**

**1.Аныкталды:** 2019-2020-жылдар аралыгына карата мурдагы аудиттин жыйынтыгы боюнча жазма буйрук толугу менен аткарылган эмес. Анын ичинен: жайыт пайдалануучулардын эсебинен жалпы суммасы 134,4 мин сом камсыздандыруу төгүмдөрү өндүрүлгөн эмес (2019-жылы 67,2 мин сом, 2020-жылы 67,2 миң сом).

**Корутунду:** 2019-2020-жылдар аралыгына карата мурдагы аудиттин жыйынтыгы боюнча жазма буйрук толугу менен аткарылган эмес.

**Сунуштама:** Кыргыз Республикасынын Эсептөө палатасынын мурдагы аудитинин жыйынтыгы боюнча жазма буйруктарынын толук көлөмдө аткарылышы камсыздалсын.

**2.Аныкталды:** Негизги каражаттарга жана товардык-материалдык баалуулуктарга жүргүзүлгөн инвентаризациянын жыйыныгында баланстык баасы **61,0 миң сомдук** 1991-жылкы Т-170 үлгүсүндөгү трактору жетпей калган.

**Корутунду:** Баланстык баасы **61,0 миң сомдук** 1991-жылкы Т-170 үлгүсүндөгү трактору жетпей калган.

**Сунуштама:** Жетпей калган баланстык баасы **61,0 миң сомдук** 1991-жылкы Т-170 үлгүсүндөгү трактор калыбына келтирилсин.

**3.Аныкталды:** Айыл чарбага жарактуу мамлекеттик фондусунун жерлеринин ижарачыларынан **31,4 миң сом** ижара акылары өндүрүлбөй, бюджетке өз убагында түшпөй калган.

**Корутунду***:* Айыл чарбага жарактуу мамлекеттик фондусунун жерлеринин ижарачыларынан **31,4 миң сом** ижара акылары өндүрүлбөй калган.

**Сунуштама:** Айыл чарбага жарактуу мамлекеттик фондусунун жерлеринин ижарачыларынан **31,4 миң сом** ижара акыларын өндүрүү боюнча тиешелүү чаралар көрүлсүн.

**4.Аныкталды:** КР Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы № 137 буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча” жобосунун талаптарын бузууга жол берилген, 1998-жылкы “Ауди А6” үлгүсүндөгү баланстык баасы жок кызматтык автоунаасы жана 2008-жылкы ВАЗ 21214 үлгүсүндөгү баланстык баасы **315,0 миң сомдук** кызматтык автоунаасы айыл өкмөттүн балансынан чыгаруу тартибинин талаптары

сакталбастан чыгышталган (буйрук менен комиссия түзүлгөн эмес, транспорттордун абалы аныкталган эмес, эсептен чыгаруу боюнча акт түзүлгөн эмес).

**Корутунду:** “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча” жобосунун талаптарын бузууга жол берилген, 1998-жылкы “Ауди А6” үлгүсүндөгү баланстык баасы жок кызматтык автоунаасы жана 2008-жылкы ВАЗ 21214 үлгүсүндөгү баланстык баасы **315,0 миң сомдук** кызматтык автоунаасы айыл өкмөттүн балансынан чыгаруу тартибинин талаптары сакталбастан чыгышталган.

**Сунуштама:** Айыл өкмөттүн балансынан чыгаруу тартибинин талаптары сакталбастан чыгышталган 1998-жылкы “Ауди А6” үлгүсүндөгү баланстык баасы жок кызматтык автоунаасынын жана 2008-жылкы ВАЗ 21214 үлгүсүндөгү баланстык баасы **315,0 миң сомдук** кызматтык автоунаасынын иш кагаздары толуктальсын.

**5. Аныкталды:** Жайыт пайдалануучулар бирикмеси тарабынан айыл өкмөттөн бөлүнгөн **429,2 миң сомго** финансылык отчеттор тапшырылган эмес жана айыл өкмөттүн жылдык балансында дебитордук карыз катары чагылдырылган эмес, б.а. жаап жашырылган. Аудит учурунда тиешелүү бухгалтердик өткөрүүлөр жүргүзүлүп, дебитордук карыз эсепте калыбына келтирилди.

**Корутунду:** Жаап жашырылган дебитордук карыздар **429,2 миң сомду** түзгөн. Аудит учурунда тиешелүү бухгалтердик өткөрүүлөр жүргүзүлүп, дебитордук карыз эсепте калыбына келтирилген.

**Сунуштама:** КР Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы № 137 буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча Жобосунун” бухгалтердик эсепте жана финансылык отчеттуулукта дебитордук карыздарды убагында чагылдыруу талаптары так сакталсын. Кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

Аудит мамлекеттик инспектор А. Келдибеков тарабынан жүргүзүлгөн.

**Кош-Дөбө айыл өкмөтү (кошулгандан кийин Кочкор айыл өкмөтү)**

**1.Аныкталды:** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген «МТБ боюнча нормативден ашык запастарды жана бюджеттик мекемелерди каржылоодо жылдык отчеттор боюнча расчеттогу каражаттардын калдыгына зачет жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө Нускаманын» талаптарын бузууга жол берилген, атайын каражаттардын жылдык балансынын 3-тиркемесинин негизинде МТБ жана расчеттогу каражаттардын калдыгы боюнча нормативден ашык запасы (отун) **47,7 миң сомго** аныкталды. Анын ичинен: 2021-жыл үчүн 11,6 миң сом, 2022-жыл үчүн 36,1 миң сомго.

**Корутунду:** «МТБ боюнча нормативден ашык запастарды жана бюджеттик мекемелерди каржылоодо жылдык отчеттор боюнча расчеттогу каражаттардын калдыгына зачет жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө Нускамасынын» талаптарына ылайык, жалпы суммасы **47,7 миң сомго** товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запасы аныкталган.

**Сунуштама:** КР Өкмөтүнүн 2011-жылдагы 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген «МТБ боюнча нормативден ашык запастарды жана бюджеттик мекемелерди каржылоодо жылдык отчеттор боюнча расчеттогу каражаттардын калдыгына зачет жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө Нускамасынын» талаптары так сакталсын жана жылдын аягындагы нормативден ашыкча товардык-материалдык баалуулуктар боюнча **36,1 миң сом** эсепке алынсын.

**2.Аныкталды:** 2021-жылы «Дагы башка товарларды жана кызмат көрсөтүүлөрдү алуу» 2215-беренесинен Кара-Саз айылындагы кичи футбол аянтчасына **200,0 миң сомго** темир трубалар алынып курулуш иштери жүргүзүлгөн, КР Финансы министирлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137-Б буйругу менен бекитилген «Мамлекеттик сектордо бухгалтердик эсеп жана финансылык отчеттуулук жөнүндө жобонун»

талаптарын бузуу менен негизги фонддордун баланстык баасы жогорулатылбастан акча каражаты негизсиз чыгышталган. Аудит учурунда эсепте калыбына келтирилди.

_**Корутунду:** КР Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы № 137 буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча Жобосунун” талаптары аткарылбастан **200,0 миң сомдук** курулуш иштери түздөн-түз чыгымдарга алып барылып чыгышталган. Аудит учурунда тиешелүү бухгалтердик өткөрүүлөр жүргүзүлүп, эсепте калыбына келтирилди.

**Сунуштама:** Мүлктөрдү учурдагы оңдоо чыгымдарына каражаттарды чыгыштоо жана ар-кыл кызмат көрсөтүүлөрдү алуу КР Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137 буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча Жобосунун” талаптары так аткарылсын.

Аудит мамлекеттик инспектор Н. Бердикеев тарабынан жүргүзүлгөн.

### Кум-Дөбө айыл өкмөтү

**1.Аныкталды:** Подрядчы “АзияИнвестСтрой” ЖЧКсы тарабынан Кум-Дөбө айыл өкмөтүнүн административдик имаратын оңдоодо” курулуш монтаж иштеринин көлөмү **15,7 миң сомго** көтөрмөлөнгөн.

Кум-Дөбө айыл өкмөтүнүн Боо-Арык жана Кайырма каналдарын тазалоого (жергиликтүү бюджеттин эсебинен) жеке ишкер Ч. Мендалиев менен 2022-жылдын апрелинде 695,1 миң сомдук подряддык келишим түзүлүп, акча каражаты которулган. Аткарылган иштердин актысы базар баасында түзүлүп, буюртмачы Кум-Дөбө айыл өкмөтү тарабынан кол коюлуп кабыл алынган. Аудитке аткаруучу иш кагаздары *(көлөмдөрдү эсептөөгө геодезиялык съемкалар) берилбегендиктен,* каналда суу агып тургандыктан көтөрмөлөнгөн жумуштардын көлөмүн аныктоого мүмкүн болгон жок.

Кум-Дөбө айыл өкмөтүнүн Шамшы айылындагы ФАПка брусчатка төшөө жана Ак-Жар айылындагы ФАПтын айланасын тосуу жумуштарына “Ырыс Тор” ЖЧКсы менен 2022-жылдын августунда 386,7 миң сомдук подряддык келишим түзүлүп, акча каражаты которулган. Аталган объект боюнча бардыгы 386,7 миң сомго, эки аткарылган иштердин актысы базар баасында түзүлүп, буюртмачы Кум-Дөбө айыл өкмөтү тарабынан кол коюлуп кабыл алынган. Белгилей кетсек, аткарылган иштердин актыларында аткарылган иштердин жана курулуш материалдардын бирдик баалары көрсөтүлбөстөн, жыйынтыгы чыгарылган. Мындан тышкары, *ашыкча көтөрмөлөнгөн жумуштардын көлөмү* төмөнкүдөй аныкталды: Шамшы айылындагы ФАПка брусчатка төшөөгө 185,8 миң сомдук АИА боюнча: Брусчатка төшөө жумушу 20,0 м2; Брусчатканын баасы 20,0 м2; Бортовой камень орнотуу жумушу 42,0 м; Бортовой камендин баасы 42м2. Ак-Жар айылындагы ФАПтын айланасын тосууга 209,0 миң сомдук АИА боюнча: Брусчатка төшөө жумушу 13,0 м2; Брусчатканын баасы 13,0 м2; Бортовой камень орнотуу жумушу 21,0 м; Бортовой камендин баасы 21м; Темир дарбаза орнотуу 1 даана; Темир дарбазанын баасы 90 кг.

Подрядчынын тендердик сметасы аудитке берилбегендиктен жана аткарылган иштердин актыларында аткарылган иштердин жана курулуш материалдардын бирдик баалары көрсөтүлбөгөндүктөн жогоруда аныкталган жумуштардын көлөмүн баалоого мүмкүн болгон жок.

**Корутунду:** Курулуш монтаж иштеринин көлөмүн жана бааларын көтөрмөлөө жалпы **15,7 миң сомду** түзгөн. Аудит учурунда калыбына келтирилген.

Белгилей кетсек, подрядчы жеке ишкер Ч.Мендалиев тарабынан Кум-Дөбө айыл өкмөтүнүн Боо-Арык жана Кайырма каналдарын тазалоо объектиси боюнча аткаруучу иш кагаздары *(көлөмдөрдү эсептөөгө геодезиялык съемкалар) берилбегендиктен,* каналда суу агып тургандыктан көтөрмөлөнгөн жумуштардын көлөмүн аныктоого мүмкүн болгон жок.

Кум-Дөбө айыл өкмөтүнүн Шамшы айылындагы ФАПка брусчатка төшөө жана Ак-Жар айылындагы ФАПтын айланасын тосуу жумуштарына "Ырыс Тор" ЖЧКсы менен 2022-жылдын августунда 386,7 миң сомдук подряддык келишим түзүлүп, акча каражаты которулган. Аталган объект боюнча бардыгы 386,7 миң сомго, эки аткарылган иштердин актысы базар баасында түзүлүп, буюртмачы Кум-Дөбө айыл өкмөтү тарабынан кол коюлуп кабыл алынган. Белгилей кетсек, аткарылган иштердин актыларында аткарылган иштердин жана курулуш материалдардын бирдик баалары көрсөтүлбөстөн, жыйынтыгы чыгарылган. Подрядчынын тендердик сметасы аудитке берилбегендиктен жана аткарылган иштердин актыларында аткарылган иштердин жана курулуш материалдардын бирдик баалары көрсөтүлбөгөндүктөн жогоруда аныкталган жумуштардын көлөмүн баалоого мүмкүн болгон жок.

**Сунуштама:** Подрядчылардын аткарган иштеринин көлөмү боюнча отчету туура чагылдырылсын жана аткарган көлөмдөрүнө туура акт түзүү боюнча көзөмөлдөө күчөтүлсүн.

Шамшы айылындагы ФАПка брусчатка төшөө жана Ак-Жар айылындагы ФАПтын айланасын тосуу боюнча сметалары түзүлүп, баалоолору такталып, көтөрмөлөнгөн жумуштардын көлөмүнүн баалары аныкталып, кемчиликтерди жоюу боюнча чаралар көрүлсүн.

**2.Аныкталды:** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген «МТБ боюнча нормативден ашык запастарды жана бюджеттик мекемелерди каржылоодо жылдык отчеттор боюнча расчеттогу каражаттардын калдыгына зачет жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө Нускаманын» талаптарын бузууга жол берилген, атайын каражаттардын жылдык балансынын 3-тиркемесинин негизинде МТБ жана расчеттогу каражаттардын калдыгы боюнча нормативден ашык запасы **373,9 миң сомго** (көмүр) аныкталды.

**Корутунду:** «МТБ боюнча нормативден ашык запастарды жана бюджеттик мекемелерди каржылоодо жылдык отчеттор боюнча расчеттогу каражаттардын калдыгына зачет жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө Нускамасынын» талаптарына ылайык, 2022-жылга жалпы суммасы **373,9 миң сомго** товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запасы аныкталган.

**Сунуштама:** КР Өкмөтүнүн 2011-жылдагы 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген «МТБ боюнча нормативден ашык запастарды жана бюджеттик мекемелерди каржылоодо жылдык отчеттор боюнча расчеттогу каражаттардын калдыгына зачет жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө Нускамасынын» талаптарын так сакталсын жана жылдын аягындагы нормативден ашыкча товардык-материалдык баалуулуктар боюнча **373,9 миң сом** эсепке алынсын.

**3.Аныкталды:** Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы №266 "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" Жарлыгынын 6-пунктунда "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчылары жана муниципалдык кызматчылары үчүн өргүүлөрдү, жөлөкпулдарды, он үчүнчү эмгек акыны жана бийик тоолуу жана алыскы барууга кыйын зоналарда жашагандыгы жана иштегендиги үчүн үстөктөрдү эсептөөдө иш сапар, өргүү күндөрү, убактылуу эмгекке жарамсыздык күндөрү, дем алыш күндөрүндө иштеген күндөр алып салынат" деп көрсөтүлгөн. Бирок, айыл өкмөтүнүн кызматкерлери иш сапарда болгондугуна карабастан, эмгек акысына **6,1 миң сом** транспорттук жана тамактануу үчүн чыгымдар ашык эсептелип, төлөнүп берилген.

**Корутунду:** Кыргыз Республикасынын Президентинин "Кыргыз Республикасынын мамлекеттик жарандык кызматчыларына жана муниципалдык кызматчыларына эмгек акы төлөө шарттары жөнүндө" Жарлыгынын 6-пунктунун талаптарын бузууга жол берилген, айыл өкмөтүнүн кызматкерлери иш сапарда болгондугуна карабастан, эмгек акысына

**6,1 миң сом** транспорттук жана тамактануу үчүн чыгымдар ашык эсептелип, төлөнүп берилген.

**Сунуштама:** Эмгек акыларын эсептөөдө Кыргыз Республикасынын Президентинин 2022-жылдын 1-августундагы №266 Жарлыгынын талаптары так сакталсын.

**4.Аныкталды:** Эсептен жаап жашырылган дебитордук карыздар жалпы **2373,0 миң сомду** түзгөн. Анын ичинен: жайыт пайдалануучулар бирикмесинин муктаждыкарына берилген *959,0 миң сом* айыл өкмөттүн жылдык балансында дебитордук карыз катары чагылдырылган эмес; административдик имаратын капиталдык ремонттон өткөрүүдөгү *1414,0 миң сом* дебитордук карызы катары чагылдырылган эмес. Аудит учурунда тиешелүү бухгалтердик өткөрүүлөр жүргүзүлүп, эсепте калыбына келтирилди.

**Корутунду:** Эсептен жаап жашырылган дебитордук карыздар жалпы **2373,0 миң сомду** түзгөн. Аудит учурунда тиешелүү бухгалтердик өткөрүүлөр жүргүзүлүп, эсепте калыбына келтирилди.

**Сунуштама**: КР Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137 буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча Жобосунун" бухгалтердик эсепте жана финансылык отчеттуулукта дебитордук карыздарды убагында чагылдыруу талаптары так сакталсын. Кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**5.Аныкталды:** Кыргыз Республикасынын "Жайыт жөнүндө" Мыйзамынын талаптарын бузууга жол берилген, Жайыт пайдалануучулар бирикмеси тарабынан жыл сайын жайытты пайдалануу планы иштелип чыккан эмес.

**Корутунду:** Жайыт пайдалануучулар бирикмеси тарабынан жыл сайын жайытты пайдалануу планы иштелип чыккан эмес.

**Сунуштама**: Кыргыз Республикасынын "Жайыт жөнүндө" Мыйзамынын талаптары так сакталсын.

**6.Аныкталды:** КР "Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө" Мыйзамынын 2-бөлүмүнүн 9-беренесинин талаптарын бузууга жол берилген, муниципалдык менчиктин реестри айылдык кеңеш тарабынан бекитилген эмес.

**Корутунду:** Муниципалдык менчиктин реестри айылдык кеңеш тарабынан бекитилген эмес.

**Сунуштама:** КР "Мүлккө муниципалдык менчик жөнүндө" Мыйзамынын талаптары так сакталсын.

**7. Аныкталды:** КР Өкмөтүнүн 2007-жылдын 22-июнундагы №243 токтому менен жактырылган **"**Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүү шарттары жана тартиби тууралуу" типтүү жобосунун талаптарын бузууга жол берилген, комиссиянын курамына коомдук мекемелерден өкүлдөр кошулган эмес, "Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунан айыл чарба багытындагы жерлер 5 жылга ижарага берилет"-деп көрсөтүлгөнүнө карабастан, айыл өкмөтүнүн жерлери ижарага 5 жылдан 7 жылга чейин кыска мөөнөттө, узак мөөнөттө 10 жылга берилген.

**Корутунду: "**Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүү шарттары жана тартиби тууралуу" типтүү жобосунун талаптарын бузууга жол берилген, комиссиянын курамына коомдук мекемелерден өкүлдөр кошулган эмес, "Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунан айыл чарба багытындагы жерлер 5 жылга ижарага берилет"- деп көрсөтүлгөнүнө карабастан, айыл өкмөтүнүн жерлери ижарага 5 жылдан 7 жылга чейин кыска мөөнөткө, узак мөөнөткө 10 жылга берилген.

**Сунуштама: "**Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүү шарттары жана тартиби тууралуу" типтүү жобосунун талаптары так сакталсын.

***Белгилей кетсек,*** Айыл өкмөтүнүн алдындагы "Шамшы" жана "Кум-Дөбө" муниципалдык ишканаларында финансалык иш кагаздарынын толук эмес болгондугунан аудит жүргүзүүгө мүмкүн болгон жок, себеби, МИлердин башкы эсепчилери улам

алмашкандыктан, бири-бирине бухгалтердик иш кагаздарын өткөрүп берген эмес. Мындан тышкары, жайыт комитетинин финансалык иш кагаздары берилбегендиктен, аудит жүргүзүүгө мүмкүн болгон жок.

Аудит мамлекеттик инспекторлор А. Усупов, Б. Токтомамбетов тарабынан жүргүзүлгөн.

**Сары-Булак айыл өкмөтү**

**1.Аныкталды:** КР Президентинин 2021-жылдын 12-октябрындагы №435 "2026-жылга чейин Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук программасы жөнүндө" жарлыгынын негизинде бекитилген айыл өкмөтүнүн социалдык-экономикалык жактан өнүгүүнүн стратегиялык программасы толук аткарылган эмес, б.а. 2021-2022-жылдарга социалдык өнүктүрүүгө 490,0 миң сомго ар кандай иш чаралар каралса, анын ичинен 93,0 миң сомго иш чаралар жергиликтүү бюджеттен каржыланып аткарылган, ал эми, 397,0 миң сомго стратегиялык программасында каралган иш чаралар аткарылган эмес же 19% аткарылган.

**Корутунду:** КР Президентинин "2026-жылга чейин Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук программасы жөнүндө" жарлыгынын негизинде бекитилген айыл өкмөтүнүн социалдык-экономикалык жактан өнүгүүнүн стратегиялык программасынын талаптары аткарылган эмес.

**Сунуштама:** Сары-Булак айылдык кеңешинин токтомдору менен бекитилген айыл өкмөтүнүн 2022-2026-жылдарга социалдык-экономикалык жактан өнүгүүнүн стратегиялык программасында каралган иш чаралардын аткарылышы боюнча чаралар көрүлсүн.

**2. Аныкталды:** Айыл өкмөтүнүн 2023-жылдын 25-июлунда берген маалыматына ылайык, Сары-Булак айыл аймагында катталган малдардын саны 2021-жылы уй, жылкы-2372 баш, топоз-1151 баш, кой, эчки-8349 баш, 2022-жылы уй, жылкы- 2350 баш, топоз-1191 баш, кой, эчки-8532 баш. Сары-Булак айыл аймагынын айылдык Кеңеши жайыт пайдалануучуларга уй, жылкы башына 60 сомдон, топозго 400 сомдон, кой, эчкиге 12 сомдон акы бекитип берген. Ошондо орточо эсеп менен жайыттын ижара акысынан жалпы 2021-2022-жылдарга 1422,7 миң сом түшмөк. Бирок, 2021-жылы 514,0 миң сом, 2022-жылы 619,2 миң сом, жалпы 1133,2 миң сом келип түшкөн. Жыйынтыгында, эки жылдын болжолдуу бюджеттик жоготуусу **289,5 миң сомду** түзгөн.

**Корутунду**: Жайыт пайдалануучулар бирикмесинин 2021-2022-жылдар аралыгындагы жайыт пайдалануудан түшчү ижара акысы боюнча болжолдуу бюджеттик жоготуусу **289,5 миң сом** болгон.

**Сунуштама:** Кыргыз Республикасынын "Жайыттар жөнүндөгү" Мыйзамынын талаптары так сакталсын, жайытка чыгарылуучу малдардын эсебин тактоо менен жайыт пайдалануудан түшчү ижара акыларынын кирешесин көбөйтүү боюнча чаралар көрүлсүн.

**3.Аныкталды:** КРӨнүн 2007-жылдын 22-июнундагы №243 токтому менен жактырылган **"**Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүү шарттары жана тартиби тууралуу" типтүү жобосунун талаптарын бузууга жол берилген, анын ичинен: аталган жобонун 1-главасынын 3-пунктунда "Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунан айыл чарба багытындагы жерлер 5 жылга ижарага берилет"-деп көрсөтүлгөнүнө карабастан, айыл өкмөтүнүн жерлери ижарага 7 жылдык мөөнөткө берилген.

Аудит камтыган мезгил аралыгында мамлекеттик кайра бөлүштүрүү Фондусунун жерлери ижарага берилбегендиктен бюджеттик жоготуу **35,0 миң сомду** түзгөн.

**Корутунду:** КРӨнүн 2007-жылдын 22-июнундагы №243 токтому менен жактырылган **"**Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүү шарттары жана тартиби тууралуу" типтүү жобосунун талаптарын бузууга жол берилген, айыл өкмөтүнүн жерлери ижарага 7 жылдык мөөнөткө берилген жана мамлекеттик кайра бөлүштүрүү Фондусунун жерлери ижарага берилбегендиктен бюджеттик жоготуу **35,0 миң сомду** түзгөн.

**Сунуштама: "**Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүү шарттары жана тартиби тууралуу" типтүү жобосунун талаптары сакталсын, ижарага берүүдө мөөнөттөрү токтомго ылайык коюлсун, бюджеттик жоготууларды жоюу боюнча тиешелүү чаралар көрүлсүн, мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүү боюнча массалык маалымат кызматтарына жана айыл өкмөтүнүн веб-сайтына жарыя берилсин.

**4. Аныкталды:** Айыл өкмөтүнө «Кыргыз Ак-Таш», «Доломит», «Дордой Ак-Таш» ЖЧКлары тарабынан жолдомо баракчаларынын негизинде социалдык пакет катары 125,0 миң сомго 625 түп "Елизавета", "Огниво", "Гнюша" сортторундагы чычырганактардын көчөттөрүн тапшырылып, айыл өкмөтү тарабынан тигилип, бирок, өспөй калган. *Жыйынтыгында,* бюджеттик жоготуу **125,0 миң сомду** түзгөн.

**Корутунду:** Сары-Булак айыл өкмөтү чычырканак көчөттөрүн отургузуп, бирок, өспөй калгандыгына байланыштуу бюджеттик жоготуу **125,0 миң сомду** түзгөн.

**Сунуштама:** Бюджеттик жоготууларга жол берилбесин.

**5. Аныкталды:** КР Бюджеттик Кодексинин 104-беренесинин 3-пунктунун 2-пунктчасынын талаптарын бузууга жол берилген, Жайыт пайдалануучулар бирикмеси тарабынан **62,9 миң сом** жайыт пайдалануудан ижара акысы Бирдиктүү казыналык эсепке төгүлбөстөн түздөн түз пайдаланылган.

КРӨнүн 2010-жылдын 7-октябрындагы №231 токтому менен бекитилген "Ишкердик субъекттеринин, коммерциялык эмес уюмдардын (бюджеттик мекемелерди албаганда) бухгалтердик эсебиндеги документтердин жүгүртүлүшү жөнүндө**"** жобосунун талаптарын бузууга жол берилген, *жайыт пайдалануучулар бирикмесинде* эсеп кысап жүгүртмө баракчалары жүргүзүлбөйт, эмгек акысы эсептелинген ведомость жана бухгалтердик баланс түзүлбөйт.

**Корутунду:** Жайыт пайдалануучулар бирикмеси тарабынан **62,9 миң сом** жайыт пайдалануудан ижара акысы Бирдиктүү казыналык эсепке төгүлбөстөн түздөн түз пайдаланылган. Жайыт пайдалануучулар бирикмесинде эсеп кысап жүгүртмө баракчалары жүргүзүлбөйт, эмгек акысы эсептелинген ведомость жана бухгалтердик баланс түзүлбөйт.

**Сунуштама:** КР Бюджеттик Кодексинин 104-беренесинин талаптарына ылайык, Сары-Булак айыл өкмөтүнүн казыналык эсептик счетуна төгүлбөй түздөн түз пайдаланылган **62,9 миң сом** калыбына келтирилсин.

КР Өкмөтүнүн 2010-жылдын 7-октябрындагы №231 токтому менен бекитилген "Ишкердик субъекттеринин, коммерциялык эмес уюмдардын (бюджеттик мекемелерди албаганда) бухгалтердик эсебиндеги документтердин жүгүртүлүшү жөнүндө**"** жобосунун талаптары так сакталсын.

**6.Аныкталды:** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген «МТБ боюнча нормативден ашык запастарды жана бюджеттик мекемелерди каржылоодо жылдык отчеттор боюнча расчеттогу каражаттардын калдыгына зачет жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө Нускаманын» талаптарын бузууга жол берилген, МТБ жана расчеттогу каражаттардын калдыгы боюнча нормативден ашык запасы **21,4 миң сомго** (көмүр, күйүүчү майлар) аныкталды.

**Корутунду:** «МТБ боюнча нормативден ашык запастарды жана бюджеттик мекемелерди каржылоодо жылдык отчеттор боюнча расчеттогу каражаттардын калдыгына зачет жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө Нускамасынын» талаптарына ылайык, 2022-жылга жалпы суммасы **21,4 миң сомго** товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запасы аныкталган.

**Сунуштама:** КРӨнүн 2011-жылдагы 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген «МТБ боюнча нормативден ашык запастарды жана бюджеттик мекемелерди каржылоодо жылдык отчеттор боюнча расчеттогу каражаттардын калдыгына зачет жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө Нускамасынын» талаптарын так сакталсын жана жылдын

аягындагы нормативден ашыкча товардык-материалдык баалуулуктар боюнча **21,4 миң сом** эсепке алынсын.

**7. Аныкталды:** Товардык-материалдык баалуулуктарга жана негизги каражаттарга жүргүзүлгөн инвентаризациянын жыйынтыгында баланстык баасы **15,6 миң сомду** түзгөн 1 даана уюлдук телефон жетпей калган.

**Корутунду:** Баланстык баасы **15,6 миң сомду** түзгөн 1 даана уюлдук телефон жетпей калгандыгы аныкталган.

**Сунуштама:** Жетпей калган баланстык баасы **15,6 миң сомду** түзгөн уюлдук телефон калыбына келтирисин.

**8.Аныкталды:** Күйүүчү майлары үчүн **411,4 миң сом** дебитордук карыздар бухгалтердик эсепте чагылдырылган эмес, б.а. жаап жашырган. Аудит учурунда тиешелүү бухгалтердик өткөрүүлөр жүргүзүлүп, эсепте калыбына келтирилди.

**Сунуштама:** КР Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137 буйругу менен бекитилген "Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча Жобосунун" бухгалтердик эсепте жана финансылык отчеттуулукта дебитордук карыздарды убагында чагылдыруу талаптары так сакталсын. Кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

**9. Аныкталды:** Аудит камтыган мезгил аралыгында конкурс өткөрүлбөстөн жалпы **491,2 миң сомго** товарлар, жумуштар жана кызматтар сатылып алынган .

**Корутунду:** Кыргыз Республикасынын "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндөгү" Мыйзамынын талаптарын бузууга жол берилген, аудит камтыган мезгил аралыгында конкурс өткөрүлбөстөн жалпы **491,2 миң сомго** товарлар, жумуштар жана кызматтар сатылып алынган. Анын ичинен: 2021-жылы 246,1 миң сом, 2022-жылы 175,1 мин сом, 2023-жылдын жарым жылдыгында 70,0 мин сом.

**Сунуштама:** КР "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндөгү" Мыйзамынын талаптарын бузууга жол берилбесин. Кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

Аудит мамлекеттик инспектор Р. Иманбаев тарабынан жүргүзүлгөн.

**Семиз-Бел айыл өкмөтү (кошулгандан кийин Кум-Дөбө айыл өкмөтү)**

**1.Аныкталды:** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген «МТБ боюнча нормативден ашык запастарды жана бюджеттик мекемелерди каржылоодо жылдык отчеттор боюнча расчеттогу каражаттардын калдыгына зачет жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө Нускаманын» талаптарын бузууга жол берилген, атайын каражаттардын жылдык балансынын 3-тиркемесинин негизинде МТБ жана расчеттогу каражаттардын калдыгы боюнча нормативден ашык запасы **205,2 миң сомго** (көмүр) аныкталды. Анын ичинен: 2021-жыл үчүн 73,8 миң сом, 2022-жыл үчүн 131,4 миң сомго.

**Корутунду:** «МТБ боюнча нормативден ашык запастарды жана бюджеттик мекемелерди каржылоодо жылдык отчеттор боюнча расчеттогу каражаттардын калдыгына зачет жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө Нускамасынын» талаптарына ылайык, жалпы суммасы **205,2 миң сомго** товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запасы аныкталган.

**Сунуштама:** КРӨнүн 2011-жылдагы 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген «МТБ боюнча нормативден ашык запастарды жана бюджеттик мекемелерди каржылоодо жылдык отчеттор боюнча расчеттогу каражаттардын калдыгына зачет жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө Нускамасынын» талаптарын так сакталсын жана жылдын аягындагы нормативден ашыкча товардык-материалдык баалуулуктар боюнча **131,4 миң сом** эсепке алынсын.

**2.Аныкталды:** Жайыт пайдалануучулар бирикмесинин муктаждыкарына берилген **970,0 миң сом** айыл өкмөттүн жылдык балансында дебитордук карыз катары чагылдырылган эмес. Аудит учурунда тиешелүү бухгалтердик өткөрүүлөр жүргүзүлүп, эсепте калыбына келтирилди.

**Корутунду:** Эсептен жаап жашырылган дебитордук карыздар жалпы **970,0 миң сомду** түзгөн. Аудит учурунда тиешелүү бухгалтердик өткөрүүлөр жүргүзүлүп, эсепте калыбына келтирилди.

**Сунуштама***:* КР Финансы министрлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137 буйругу менен бекитилген “Мамлекеттик башкаруу секторунда бухгалтердик эсепти жана финансылык отчеттуулукту жүргүзүү боюнча Жобосунун” бухгалтердик эсепте жана финансылык отчеттуулукта дебитордук карыздарды убагында чагылдыруу талаптары так сакталсын. Кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

*Белгилей кетсек,* Семиз-Бел айыл өкмөтүнүн Чекилдек айылындагы “Баке-Чал” каналынын 8000 м. жерин тазалоого (жергиликтүү бюджеттин эсебинен) “Аль-Раян” ЖЧКсы менен 2021-жылдын 24-августунда 246,7 миң сомдук подряддык келишим түзүлүп, акча каражаты которулган. Аткарылган иштердин актысы базар баасында түзүлүп буюртмачы Семиз-Бел айыл өкмөтү тарабынан кол коюлуп кабыл алынган. Аудитке подрядчынын сметасы жана лицензиясы; аткаруучу иш кагаздары *(көлөмдөрдү эсептөөгө геодезиялык съемкалар) берилбегендиктен,* каналда суу агып тургандыктан көтөрмөлөнгөн жумуштардын көлөмүн аныктоо мүмкүн болгон жок.

Аудит мамлекеттик инспекторлор Б. Токтомамбетов, А. Усупов тарабынан жүргүзүлгөн.

**Сон-Көл айыл өкмөтү (кошулгандан кийин Сары-Булак айыл өкмөтү)**

**1.Аныкталды***:* КР Президентинин 2021-жылдын №435 Жарлыгы менен бекитилген “2026-жылга чейин Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук программасы” боюнча айыл өкмөтү тарабынан иш чара алып барылган эмес, б.а. айыл өкмөтү тарабынан социалдык-экономикалык жактан өнүгүүнүн стратегиялык программасы иштелип чыккан эмес жана кабыл алынган эмес.

**Корутунду:** КР Президентинин 2021-жылдын №435 Жарлыгы менен бекитилген “2026-жылга чейин Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук программасына” ылайык, айыл өкмөтүнүн социалдык-экономикалык жактан өнүгүүнүн стратегиялык программасы иштелип чыккан эмес жана кабыл алынган эмес.

**Сунуштама:** КР Президентинин 2021-жылдын №435 Жарлыгы менен бекитилген “2026-жылга чейин Кыргыз Республикасын өнүктүрүүнүн улуттук программасын” эске алып, Сары-Булак айыл өкмөтү Төлөк айылынын 2022-2026-жылдарга социалдык-экономикалык жактан өнүгүүнүн стратегиялык программасын жергиликтүү кеңеш менен бирдикте иштеп чыгып иш алып баруусу сунушталсын.

**2. Аныкталды:** Кочкор райондук ветеринардык башкармалыгы тарабынан 2023-жылдын 17-августундагы №30 маалыматына ылайык, Сон-Көл айыл өкмөтүндө катталган малдардын саны: уй, жылкы - 2391 баш, топоз - 1632 баш, кой-эчки - 9368 баш, айылдык Кеңеши жайыт пайдалануучуларга малдардын башына алынуучу жайыт акысы бекитилип берилген эмес. Жайыт пайдалануучулар бирикмесинин төрагасынын түшүндүрмөсү боюнча уй, жылкы башына 50 сомдон, топозго 150 сомдон, кой, эчкиге 10 сомдон алынып жүргөн. Ошондо орточо эсеп менен жайыттын ижара акысынан бир эки жылга жалпы 916,0 миң сом түшмөк, бирок, 589,5 миң сом келип түшкөн. Тактап айтканда, эки жылдын болжолдуу бюджеттик жоготуусу **326,5 миң сомду** түзөт.

**Корутунду**: Жайыт пайдалануучулар бирикмесинин 2021-2022-жылдар аралыгындагы жайыт пайдалануудан түшчү ижара акысынын болжолдуу бюджеттик жоготуусу **326,5 миң сомду** түзгөн.

**Сунуштама:** КР “Жайыттар жөнүндөгү” Мыйзамдын талаптары так сакталсын, жайытка чыгарылуучу малдардын эсебин тактоо менен жайыт пайдалануудан түшчү ижара акысынын кирешесин көбөйтүү боюнча чаралар көрүлсүн.

**3.Аныкталды:** КР Салык Кодексинин 2004-жылдын 24-январындагы №8 “Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүнүн тарифтери жөнүндө” Мыйзамынын жана КР Өкмөтүнүн 2020-жылдын 17-июлундагы №385 токтому менен бекитилген «Мамлекеттик социалдык камсыздандыруу боюнча камсыздандыруу төгүмдөрүн эсептөөнүн жана төлөөнүн тартиби жөнүндө” нускамасынын талаптарын бузууга жол берилген, Жайыт пайдалануучулар бирикмесинде жалпы аудит камтыган мезгилде төлөнгөн 271,0 миң сом эмгек акыдан **18,5 миң сом** киреше салыгы кармалган эмес, **27,1 миң сом** 10% социалдык камсыздандыруу төлөмдөрү жана **46,8 миң сомду** түзгөн 17,25% социалдык камсыздандыруу төлөмдөрү эсептелинген эмес.

**Корутунду:** Жайыт пайдалануучулар бирикмесинде жалпы аудит камтыган мезгилде төлөнгөн 271,0 миң сом эмгек акыдан **18,5 миң сом** киреше салыгы кармалган эмес, **27,1 миң сом** 10% социалдык камсыздандыруу төлөмдөрү жана **46,8 миң сомду** түзгөн 17,25% социалдык камсыздандыруу төлөмдөрү эсептелинген эмес.

**Сунуштама:** Жайыт пайдалануучулар бирикмеси тарабынан **18,5 миң сом** киреше салыгы, **27,1 миң сомду** түзгөн 10% жана **46,8 миң сомду** түзгөн 17,25% социалдык камсыздандыруу төлөмдөрү өндүрүлүп, тиешелүү бюджеттерине калыбына келтирилсин.

**4. Аныкталды:** КР Бюджеттик Кодексинин 104-беренисинин 3-пунктунун 2-пунктчасынын талаптарын бузууга жол берилген, Жайыт пайдалануучулар бирикмеси тарабынан аудит камтыган мезгил аралыгында айыл өкмөтүнүн казыналык эсебине төгүлбөстөн, Жайыт пайдалануучулар бирикмесинин эсептик счетунан түздөн түз жалпы **250,7 мин сом** чыгышталган. Анын ичинен: "Жамааттык ЖМКлар Ассоциациясы" Юридикалык жактардын бирикмеси тарабынан түшкөн *232,7 миң сом* акча каражаты тастыктоочу иш кагаздары жок чыгымдалган; жайыт пайдалануудан ижара акысы *18,0 мин сом*.

Мындан тышкары, Жайыт пайдалануучулар бирикмеси КР “Жайыттар жөнүндө” Мыйзамынын 11-беренесинде “жайыт жерлерин пайдалануу үчүн каражаттар жайыттарды жана жайыт инфраструктурасын жакшыртууга, ошондой эле, жайыт комитетин күтүүгө пайдаланылат” деп көрсөтүлгөндүгүнө карабастан, *Сон-Көл медиа борборуна* жалпы **66,1 миң сомго** түстүү принтер, микрофон, интернет түйүнүнө байланыш үчүн модем, форма жана башка чарбалык жана канцелярдык буюмдар алынып берилген.

Аудит учурунда 2023-жылдын 17-августундагы өткөрүп берүү жана кабыл алуу актысынын негизинде 22,1 миң сомду түзгөн түстүү принтер, 8,0 миң сомду түзгөн микрофон, 2,4 миң сомду түзгөн интернет байланыш модеми, жалпы *32,5 миң сомдук* жабдуулар Сары-Булак айыл өкмөтүнүн балансына өткөрүлүп берилди.

**Корутунду:** КР Бюджеттик Кодексинин 104-беренесинин 3-пунктунун 2-пунктчасынын талаптарын бузууга жол берилген, Жайыт пайдалануучулар бирикмеси тарабынан аудит камтыган мезгил аралыгында айыл өкмөтүнүн казыналык эсебине төгүлбөстөн, түздөн түз жалпы **250,7 мин сом** чыгышталган.

Мындан тышкары, Жайыт пайдалануучулар бирикмеси КР “Жайыттар жөнүндө” Мыйзамынын 11-беренесинде “жайыт жерлерин пайдалануу үчүн каражаттар жайыттарды жана жайыт инфраструктурасын жакшыртууга, ошондой эле, жайыт комитетин күтүүгө пайдаланылат” деп көрсөтүлгөндүгүнө карабастан, *Сон-Көл медиа борборуна* жалпы **66,1 миң сомго** түстүү принтер, микрофон, интернет түйүнүнө байланыш үчүн модем, форма жана башка чарбалык жана канцелярдык буюмдар алынып берилген. Аудит учурунда 2023-жылдын 17-августундагы өткөрүп берүү жана кабыл алуу актысынын негизинде жалпы *32,5 миң сомдук* жабдуулар Сары-Булак айыл өкмөтүнүн балансына өткөрүлүп берилди.

**Сунуштама:** Жайыт пайдалануучулар бирикмеси тарабынан КР Бюджеттик Кодексинин 104-беренесинин, КР “Жайыттар жөнүндө” Мыйзамынын талаптары так сакталсын, айыл өкмөтүнүн казыналык эсептик счетуна төгүлбөстөн түздөн-түз, тастыктоочу иш кагаздары жок чыгымдалган жалпы **250,7 миң сом** калыбына келтирилсин.

Соң-Көл медиа борборуна алынып берилген жабдуулардын **33,6 миң сомду** түзгөн калдыгы калыбына келтирилсин.

**5.Аныкталды:** «Учурдагы чарбалык максаттар үчүн буюмдарды жана материалдарды алуу» 2222-беренесинен, Төлөк айылынын ички жолдорундагы суу өтүүчү көпүрөлөрдүн отмоскаларын куруу үчүн 335,0 миң сомго жана "Көктай-Булак" таза суу башатын капиталдык ремонттон өткөрүү үчүн тетиктерин 93,0 миң сомго сатылып алынып капиталдык оңдоп түзөө жумуштарын жүргүзүлүп, КР Финансы министирлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137-П буйругу менен бекитилген жобонун талаптарын бузуу менен баланстык баасын жогорулатпастан, түздөн-түз негизсиз чыгышталган. Аудит учурунда тиешелүү бухгалтердик өткөрүүлөр жүргүзүлүп, айыл өкмөтүнүн балансы **428,0 мин сомго** жогорулатылды.

**Корутунду:** «Учурдагы чарбалык максаттар үчүн буюмдарды жана материалдарды алуу» 2222-беренесинен, Төлөк айылынын ички жолдорундагы суу өтүүчү көпүрөлөрдүн отмоскаларын куруу үчүн **335,0 миң сомго** жана "Көктай-Булак" таза суу башатын капиталдык ремонттон өткөрүү үчүн тетиктерин **93,0 миң сомго** сатылып алынып капиталдык оңдоп түзөө жумуштарын жүргүзүлүп, КР Финансы министирлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137 буйругу менен бекитилген жобонун талаптарын бузуу менен баланстык баасын жогорулатпастан, түздөн-түз негизсиз чыгышталган. Аудит учурунда тиешелүү бухгалтердик өткөрүүлөр жүргүзүлүп, түзүлгөн маалым каттын негизинде айыл өкмөтүнүн балансы жогорулатылды.

**Сунуштама:** КР Финансы министирлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137-П буйругу менен бекитилген «Мамлекеттик сектордо бухгалтердик эсеп жана финансылык отчеттуулук жөнүндө» Жобонун талаптары сакталсын.

**6.Аныкталды:** «Учурдагы чарбалык максаттар үчүн буюмдарды жана материалдарды алуу» 2222-беренесинен Төлөк айылындагы Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучуларынын эстелигин кайрадан жасалгалоо үчүн «Авира Групп» ЖЧСнан **150,0 миң сомго** курулуш материалдары сатылып алынып, эстеликтин кайрадан жасалгалоо жумуштары жүргүзүлбөстөн, курулуш материалдары эсептен чыгышталган. Аудит учурунда тиешелүү бухгалтердик өткөрүүлөр жүргүзүлүп, жалпы суммасы 150,0 миң сомду түзгөн курулуш материалдары айыл өкмөтүнүн балансына киришстелди.

**Корутунду:** Төлөк айылындагы Улуу Ата Мекендик согуштун катышуучуларынын эстелигин кайрадан жасалгалоо үчүн «Авира Групп» ЖЧСнан **150,0 миң сомго** курулуш материалдары сатылып алынып, эстеликтин кайрадан жасалгалоо жумуштары жүргүзүлбөстөн, курулуш материалдары эсептен чыгышталган. Аудит учурунда тиешелүү бухгалтердик өткөрүүлөр жүргүзүлүп, жалпы суммасы 150,0 миң сомду түзгөн курулуш материалдары айыл өкмөтүнүн балансына кириштелди.

**Сунуштама:** КР Финансы министирлигинин 2018-жылдын 25-декабрындагы №137 буйругу менен бекитилген «Мамлекеттик сектордо бухгалтердик эсеп жана финансылык отчеттуулук жөнүндө» Жобонун талаптары сакталсын.

**7.Аныкталды:** КР Өкмөтүнүн 2007-жылдын 22-июнундагы №243 токтому менен жактырылган **"**Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүү шарттары жана тартиби тууралуу" типтүү жобонун талаптары сакталбастан мамлекеттик фондунун жерлери ижарага берилбегендиктен, аудит камтыган мезгил аралыгында жалпы суммасы **62,5 миң сомго** бюджеттик жоготуулар келип чыккан.

**Корутунду: "**Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүү шарттары жана тартиби тууралуу" типтүү жобонун талаптары сакталбастан мамлекеттик фондунун жерлери ижарага берилбегендиктен, аудит камтыган мезгил аралыгында жалпы суммасы **62,5 миң сомго** бюджеттик жоготуулар келип чыккан.

**Сунуштама:** КР Өкмөтүнүн 2007-жылдын 22-июнундагы №243 токтому менен жактырылган **"**Айыл чарба жерлеринин мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүү шарттары жана тартиби тууралуу" типтүү жобонун талаптары сакталсын, айыл өкмөтү

тарабынан мамлекеттик фондунун жерлерин ижарага берүү боюнча массалык маалымат кызматтарына жана айыл өкмөтүнүн веб-сайтына жарыя берилсин.

**8. Аныкталды:** КР "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндөгү" Мыйзамынын талаптарын бузууга жол берилген, анын ичинен: аудит камтыган мезгил аралыгында конкурс өткөрүлбөстөн жалпы **2044,4 миң сомго** товарлар, жумуштар жана кызматтар сатылып алынган, анын ичинен: 2021-жылы 192,0 мин сом, 2022-жылы 1676,4 мин сом, 2023-жылдын жарым жылдыгында 176,0 миң сом. Ошону менен бирге аталган мыйзамдын 23-беренесинин 7-пунктун жана 50-беренесинин талаптарын бузуу менен квалификациялык талаптарды суроодо сатып алуу предмети боюнча тастыкталган окшош тажрыйбасын жана женүүчү менен келишим түзүүдө контрактты аткарууну кепилдик камсыздоону талап кылган эмес.

**Корутунду:** КР "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндөгү" Мыйзамынын талаптарын бузууга жол берилген, анын ичинен: аудит камтыган мезгил аралыгында конкурс өткөрүлбөстөн жалпы **2044,4 миң сомго** товарлар, жумуштар жана кызматтар сатылып алынган. Ошону менен бирге, аталган мыйзамдын 23-беренесинин 7-пунктун жана 50-беренесинин талаптарын бузуу менен квалификациялык талаптарды суроодо сатып алуу предмети боюнча тастыкталган окшош тажрыйбасын жана женүүчү менен келишим түзүүдө кепилдик камсыздоону талап кылган эмес.

**Сунуштама:** КР "Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндөгү" Мыйзамынын талаптарын бузууга жол берилбесин. Кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

Аудит мамлекеттик инспектор Р. Иманбаев тарабынан жүргүзүлгөн.

**Талаа-Булак айыл өкмөтү (кошулгандан кийин Кара-Суу айыл өкмөтү )**

**1.Аныкталды:** Жайыт пайдалануучулар бирикмесинин кассалык китебинде кассалык чыгыштоочу ордери жок 2,5 миң сом чыгышталып, жыйынтыгында **2,5 мин сом** жетпей калгандыгы аныкталды.

**Корутунду:** Жайыт пайдалануучулар бирикмесинде **2,5 мин сом** акча каражаты жетпей калгандыгы аныкталды. Аудиттен кийин накталай калыбына келтирилди.

**Сунуштама:** КР Өкмөтүнүнүн 2018-жылдын 12-июнундагы №281 токтому менен бекитилген «Кыргыз Республикасындагы чарбакер субъекттердин жана бюджеттик мекемелердин кассалык операцияларды жүргүзүү тартибинин» талаптары так сакталсын.

*Белгилей кетсек,* айыл өкмөтүндө мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө адиси ооруканада болгондуктан, Кыргыз Республикасынын «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндөгү» Мыйзамынын сакталышына аудит жүргүзүүгө мүмкүнчүлүк болгон жок.

Аудит мамлекеттик инспектор А. Аллабердиев тарабынан жүргүзүлгөн.

**Чолпон айыл өкмөтү**

**1. Аныкталды:** Жайыт пайдалануучулар бирикмесинин төрагасы Т. Токтомушов жана жеке ишкер сварщик Т. Байтаков менен келишим түзүлгөн. Келишимдин негизинде "Беларусь 82.2 маркасындагы трактордун моторун жана башка тетиктерин оңдоого 25,0 миң сом эмгек акысы деп белгиленген. Жогорудагы көрсөтүлгөн суммадан **2,1 миң сомго** киреше салыгы кармалган эмес жана **2,5 миң сомго** камсыздандыруу төлөмү чегерилген эмес.

**Корутунду:** Жайыт пайдалануучулар бирикмесинде эмгек келишими менен иштеген адамдан **2,1 миң сомго** киреше салыгы кармалган эмес жана **2,5 миң сомго** камсыздандыруу төлөмү чегерилген эмес.

**Сунуштама:** Жайыт пайдалануучулар бирикмесинде эмгек келишими менен иштеген адамдан **2,1 миң сом** киреше салыгы кармалган эмес жана **2,5 миң сом** камсыздандыруу төлөмү өндүрүлүп, тиешелүү бюджеттерине которулсун.

**2.Аныкталды:** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдын 3-ноябрындагы № 694 токтому менен бекитилген «МТБ боюнча нормативден ашык запастарды жана бюджеттик мекемелерди каржылоодо жылдык отчеттор боюнча расчеттогу каражаттардын калдыгына зачет жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө Нускаманын» талаптарын бузууга жол берилген, МТБ жана расчеттогу каражаттардын калдыгы боюнча нормативден ашык запасы **349,2 миң сомго** (отун) аныкталды.

**Корутунду:** Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн 2011-жылдагы 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген «МТБ боюнча нормативден ашык запастарды жана бюджеттик мекемелерди каржылоодо жылдык отчеттор боюнча расчеттогу каражаттардын калдыгына зачет жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө Нускамасынын» талаптарына ылайык, 2022-жылга жалпы суммасы **349,2 миң сомго** товардык-материалдык баалуулуктардын нормативден ашыкча запасы аныкталган.

**Сунуштама:** КР Өкмөтүнүн 2011-жылдагы 3-ноябрындагы №694 токтому менен бекитилген «МТБ боюнча нормативден ашык запастарды жана бюджеттик мекемелерди каржылоодо жылдык отчеттор боюнча расчеттогу каражаттардын калдыгына зачет жүргүзүүнүн тартиби жөнүндө Нускамасынын» талаптары так сакталсын жана жылдын аягындагы нормативден ашыкча товардык-материалдык баалуулуктар боюнча **349,2 миң сом** эсепке алынсын.

**3.Аныкталды:** Жайыт пайдалануучулар бирикмесинин кассалык китебинде кассалык чыгыштоочу ордери жок 1,5 миң сом чыгышталган, жыйынтыгында **1,5 мин сом** жетпей калгандыгы аныкталды.

**Корутунду:** Жайыт пайдалануучулар бирикмесинде **1,5 мин сом** акча каражаты жетпей калгандыгы аныкталды.

**Сунуштама:** Жайыт пайдалануучулар бирикмесинде тиешелүү адам тарабынан жетпей калган **1,5 мин сом** акча каражаты калыбына келтирилсин. КР Өкмөтүнүнүн 2018-жылдын 12-июнундагы №281 токтому менен бекитилген «Кыргыз Республикасындагы чарбакер субъекттердин жана бюджеттик мекемелердин кассалык операцияларды жүргүзүү тартибинин» талаптары так сакталсын.

**4.Аныкталды:** Чолпон айыл өкмөтү менен “Нур Телеком” ЖЧКсынын ортосунда түзүлгөн келишимге ылайык, телеантенна орноткондугу үчүн жерге ижара акысы айына 4,0 миң сомдон бир жылга 48,0 миң сом төлөө макулдашылган. 2022-жылга карата **48,0 миң сом** ижара акылары которулган, төлөнгөн эмес.

**Корутунду:** 2022-жылга карата **48,0 миң сом** ижара акылары которулган, төлөнгөн эмес.

**Сунуштама:** “Нур Телеком” ЖЧКсынан **48,0 миң сом** ижара акысы өндүрүлүп, бюджетке которулсун.

Аудит маминспектор Б. Токтомамбетов, тышкы адис К. Абдылдаев тарабынан жүргүзүлгөн.

**Кочкор айыл өкмөтүнүн “Кочкор-Жашыл чарба” муниципалдык ишканасы**

**1.Аныкталды:** “Кочкор-Жашыл чарба” муниципалдык ишканасы тарабынан өндүрүштүк программалар же пландар түзүлгөн эмес жана айыл өкмөтү менен бекитилген эмес.

**Корутунду:** Өндүрүштүк программалар же пландар түзүлгөн эмес жана айыл өкмөтү менен бекитилген эмес.

**Сунуштама:** МИнин жүргүзүлүп жаткан иштерине көзөмөл кылуу, план программаларды түзүү жана аткарылышы боюнча Кочкор айыл өкмөтү тарабынан көзөмөлгө алынсын.

**2.Аныкталды:** МИнин уставынын 4-бөлүгүнүн нормалары сакталбастан, штаттык ыраттама ишкананын жетекчиси тарабынан бекитилген, штаттык ыраттама уставка ылайык айыл өкмөтү тарабынан бекитилген эмес.

МИ тарабынан аудит камтыган мезгил аралыгында кызматкерлерге төлөнгөн эмгек акыларынан **49,9 миң сом** киреше салыгы кармалган эмес жана **145,4 миң сом** камсыздандыруу төгүмдөрү чегерилген эмес. Аудит учурунда 49,9 миң сом киреше салыгы жана 145,4 миң сом камсыздандыруу төгүмдөрү тиешелүү бюджеттерине калыбына келтирилди жана ишкананын башкы эсепчиси тарабынан 18,0 миң сомдук айып төлөндү.

**Корутунду:** МИнин уставынын 4-бөлүгүнүн нормалары сакталбастан, штаттык ыраттама ишкананын жетекчиси тарабынан бекитилген, штаттык ыраттама уставка ылайык айыл өкмөтү тарабынан бекитилген эмес.

МИ тарабынан аудит камтыган мезгил аралыгында кызматкерлерге төлөнгөн эмгек акыларынан **49,9 миң сом** киреше салыгы кармалган эмес жана **145,4 миң сом** камсыздандыруу төгүмдөрү чегерилген эмес. Аудит учурунда **49,9 миң сом** киреше салыгы жана **145,4 миң сом** камсыздандыруу төгүмдөрү тиешелүү бюджеттерине которулду жана МИнин башкы эсепчиси тарабынан *18,0 миң сомдук* айып төлөндү.

**Сунуштама:** Штаттык ыраттама МИнин уставында көрсөтүлгөн нормаларга ылайык бекитилсин.

КР «Бухгалтердик эсеп жөнүндө» Мыйзамынын талаптары так сакталсын жана отчеттор мындан ары өз убагында тапшырылсын.

**3.Аныкталды:** МИнин киреше булактары жана чыгымдары тууралуу каржы пландары иштелип чыккан эмес жана айыл өкмөт менен бекитилген эмес.

КР «Бухгалтердик эсеп жөнүндө» Мыйзамынын талаптарын аткарбастан, айыл өкмөт тарабынан каржыланган **2452,3 миң сомго** отчетторун толук кандуу тапшырган эмес жана кредитордук карыз катары бухгалтердик отчетто чагылдырган эмес.

Аудит учурунда чарбалык жумуштарга сарпталган каражаттардын отчеттору толукталып, **2452,3 миң сом** кредитордук карыз финансылык отчетторунда чагылдырылды.

**Корутунду:** МИнин киреше булактары жана чыгымдары тууралуу каржы пландары иштелип чыккан эмес жана айыл өкмөт менен бекитилген эмес.

КР «Бухгалтердик эсеп жөнүндө» Мыйзамынын талаптарын аткарбастан, айыл өкмөт тарабынан каржыланган **2452,3 миң сомго** отчетторун толук кандуу тапшырган эмес жана кредитордук карыз катары отчетто чагылдырган эмес.

Аудит учурунда чарбалык жумуштарга сарпталган каражаттардын отчеттору толукталып, **2452,3 миң сом** кредитордук карыз финансылык отчетторунда чагылдырылды.

**Сунуштама:** “Кочкор-Жашыл чарба” муниципалдык ишканасы уставында көрсөтүлгөн талаптар так аткарылсын. КР «Бухгалтердик эсеп жөнүндө» Мыйзамынын талаптары так сакталсын.

**4.Аныкталды:** КР «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» Мыйзамынын талаптарын бузууга жол берилген, аудит камтыган мезгил аралыгында конкурс өткөрүлбөстөн жалпы **1044,1 миң сомго** товарлар, жумуштар жана кызматтар сатылып алынган.

**Корутунду:** КР «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» Мыйзамынын талаптарын бузууга жол берилген, аудит камтыган мезгил аралыгында конкурс өткөрүлбөстөн жалпы **1044,1 миң сомго** товарлар, жумуштар жана кызматтар сатылып алынган. Анын ичинен: 2022-жылы 661,7 миң сом, 2023-жылдын жарым жылдыгында 382,4 миң сом.

**Сунуштама:** КР «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» Мыйзамынын талаптары так сакталсын. Кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

Аудит мамлекеттик инспектор А. Келдибеков тарабынан жүргүзүлгөн.

## “Кочкор-Тазалык” муниципиалдык ишканасы

**1. Аныкталды:** Кочкор айылында 2190 жана Тендик айылында 853 жана Исакеев айылында 361, жалпы 3435 кожолукту түзөт. Кочкор-Тазалык” муниципалдык ишканасы жеке жактардан таштандыларды чыгаруу боюнча төгүмдөрдөн 2021-2022-жылдарга 3435 кожолуктан 8244,0 миң сом *(100*3435*12ай=4122,0 миң сом*2 жыл=8244,0 миң сом)* акча каражатын жыйнамак, ал эми, 50% берилген женилдиктер 54 кожолук 64,8 мин сомду (54кожолук *50сом*12 ай*2жыл) түзөт. МИ жеке жактардан таштандыларды чыгаруудан болгону 2021-жылы 2674,9 миң сом, 2022-жылы 2972,5 миң сом, жалпы аудит камтыган мезгил аралыгында 5647,7 миң сом акча каражатын жыйнаган. Жыйынтыгында, аудит камтыган мезгил аралыгында бюджеттик жоготуу **2531,5 миң сомду** түзгөн *(8244,0-64,8-5647,7=2531,5).*

**Корутунду:** Таштандыларды чыгаруу боюнча төгүмдөрдөн бюджеттик жоготуу **2531,5 миң сомду** түзгөн.

**Сунуштама:** Таштандыларды чыгаруу боюнча төгүмдөрдөн бюджеттик жоготууларды жоюу боюнча тиешелүү чаралар көрүлсүн.

**2.Аныкталды:** КР «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» Мыйзамынын талаптарын бузууга жол берилген, аудит камтыган мезгил аралыгында конкурс өткөрүлбөстөн жалпы **1512,1 миң сомго** товарлар, жумуштар жана кызматтар сатылып алынган.

**Корутунду:** КР «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» Мыйзамынын талаптарын бузууга жол берилген, аудит камтыган мезгил аралыгында конкурс өткөрүлбөстөн жалпы **1512,1 миң сомго** товарлар, жумуштар жана кызматтар сатылып алынган. Анын ичинен: 2021-жылы 580,1 миң сом, 2022-жылы 932,0 миң сом.

**Сунуштама:** КР «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» Мыйзамынын талаптары так сакталсын. Кызмат адамдарынын жоопкерчилиги каралсын.

Аудит мамлекеттик инспектор Н. Бердикеев тарабынан жүргүзүлгөн.

## “Кочкор Таза-Суу” муниципалдык ишканасы

**1. Аныкталды:** КР “Бухгалтердик эсеп жөнүндө” Мыйзамынын талаптарын бузууга жол берилген, негизги каражаттардын баасы баланста жогорулатылган эмес, б.а. **96,2 миң сомдук** курулуш иштери түздөн-түз чыгымдарга алып барылып чыгышталган. Аудит учурунда тиешелүү бухгалтердик өткөрүүлөр жүргүзүлүп, МИнин балансында негизги каражаттары көбөйтүлдү.

**Корутунду:** КР “Бухгалтердик эсеп жөнүндө” Мыйзамынын талаптарын бузууга жол берилген, негизги каражаттардын баасы баланста жогорулатылган эмес, б.а. **96,2 миң сомдук** курулуш иштери түздөн-түз чыгымдарга алып барылып чыгышталган. Аудит учурунда эсепте калыбына келтирилди, негизги каражаттардын баасы баланста жогорулатылды.

**Сунуштама:** Суу түтүктөрүн оңдоодо жана ар-кыл кызмат көрсөтүүлөрдү балanска алууда КР “Бухгалтердик эсеп жөнүндө” Мыйзамынын талаптарына ылайык жүргүзүлсүн.

**2. Аныкталды:** КР “Бухгалтердик эсеп жөнүндө” Мыйзамынын талаптарын бузууга жол берилген, МИде эл аралык стандартка ылайык финансылык отчеттуулук (МСФО) жүргүзүлбөйт.

**Корутунду:** КР “Бухгалтердик эсеп жөнүндө” Мыйзамынын талаптарын бузууга жол берилген, МИде эл аралык стандартка ылайык финансылык отчеттуулук (МСФО) жүргүзүлбөйт.

**Сунуштама:** КР “Бухгалтердик эсеп жөнүндө” Мыйзамынын талаптары так сакталсын.

Аудит мамлекеттик инспектор А.Келдибеков тарабынан жүргүзүлгөн.

Жүргүзүлгөн аудиттин жыйынтыгы боюнча:

- Кыргыз Республикасынын Президентинин Нарын облусундагы ыйгарым укуктуу өкүлүнө, айылдык Кеңештин төрагаларына - Отчет;
- райондук мамлекеттик администрациясынын башчысына – Маалымат;
- аудит жүргүзүлгөн мекемелердин, ишканалардын жетекчилерине аудиттин жыйынтыгы жөнүндөгү Жазма буйруктар, Сунуштар жөнөтүлгөн.

**Мамлекеттик инспектор** **Н. Бердикеев**